2026–2027-окуу жылындагы «КМжГТК» кафедрасынын өндүрүштүк практика боюнча ОТЧЕТУ

Өндүрүштүк практиканын максаттары:

• Кесиптик тажрыйба топтоо: студенттер өз адистиги боюнча өндүрүштүк процесстерге түздөн-түз катышуу аркылуу практикалык көндүмдөрүн чыңдашат.

• Теориялык билимди иш жүзүндө колдонуу: окутуу учурунда алынган теориялык билимдерди иш ордунда колдонуп, билимдерин бекемдөө жана иш жүзүндөгү жагдайларда колдоно билүү.

• Өндүрүштүк чөйрө менен таанышуу: студенттер ишкананын түзүмү, өндүрүштүн технологиялык өзгөчөлүктөрү жана башкаруу системасы менен таанышып, кесиптик чөйрөдө өзүн алып жүрүү маданиятын өздөштүрүшөт.

• Кесиптик компетенцияларды өнүктүрүү: практика учурунда студенттер жоопкерчилик, эмгек тартибин сактоо, командада иштөө жана өндүрүштүк маселелерди чечүү көндүмдөрүн өркүндөтүшөт.

• Эмгек рыногуна даярдык: өндүрүштүк практика студенттерди келечектеги кесиптик ишмердикке даярдоого жана потенциалдуу жумуш берүүчүлөр менен байланыш түзүүгө шарт түзөт.

Бардык студенттик топтор практика жетекчилери тарабынан Эмгек коопсуздугу жана техника коопсуздугу боюнча, ошондой эле практика боюнча методикалык нускамалардан өткөрүлүштү.

ВР(б)-1-23, ГТС(б)-1-23, УВР(м)-1-25, ГТС(м)-1-25 топторунун студенттери жана магистранттары практикадан толук катышты. Аткарылган иштерди системалуу түрдө каттоо үчүн студенттер практика күндөлүгүн жүргүзүштү. Күндөлүктөр түздөн-түз өндүрүштөгү жетекчи тарабынан текшерилип, ишкананын практика жетекчисинин колу жана мөөрү менен бекитилди.

2026-жылдын 21-сентябрдан 30-сентябрга чейин «КМжГТК» кафедрасында өндүрүштүк практикалары боюнча отчетторду кабыл алуу иш-чарасы уюштурулду.

Студенттер өздөрүнүн отчетторун даярдап, ийгиликтүү коргошту.

Отчетторду кабыл алуу максатында төмөнкү курамда комиссия түзүлдү:

Төрага: к.т.н., доцент И.А. Суйунтбекова

Комиссия мүчөлөрү: Жылкычиев М.К.,Орозобекова А.О.

«КМжГТК» кафедрасынын 2026–2027-окуу жылындагы алгачкы квалификациялык, изилдөө жана илимий- изилдөө практикалары боюнча отчету

Группа	Практика өтүү мөөнөтү	Практиканын түрү	Студенттердин саны				
			Жалпы	Практикадан өткөн	Практикадан өтпөгөн	Отчетун тапшырган	Отчетун тапшырбаган
ВР(б)-1-23	08.06.2026 10.07.2026	өндүрүштүк	12	11	1	11	-
ГТС(б)-1-23	08.06.2026 10.07.2026	өндүрүштүк	9	8	1	8	-
УВР(м)-1-25	08.06.2026 10.07.2026	өндүрүштүк	5	5	-	5	-
ГТС(м)-1-25	08.06.2026 10.07.2026	өндүрүштүк	6	6	-	5	1
			100%	93%	0,6%	90%	0,3%

“КМжГТК ”кафедрасынын башчысы И.А. Суйунтбекова

КИКИнин/деректору Андашев А.Ж.